**Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05- тармактык экономика адистиги боюнча экономика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу» темасында даярдалган диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчинин**

**П И К И Р И**

Заманбап туризм индустриясы дүйнөлүк экономикадагы эң кирешелүү тармактардын бири болууда. Туризмден алынган кирешелер мамлекеттик бюджеттин олуттуу бөлүгүн ээлейт жана дүйнөлүк ички дүң продуктунун 10% чейинкисин түзөт. Туризмдин рентабелдүүлүгүнүн өсүү динамикасы экономиканын башка секторлорундагы рентабелдүүлүктүн өсүү динамикасынан кыйла алдыда турат. Дүйнөлүк Туризм Уюмунун маалыматы боюнча, акыркы 10 жылда туризмден түшкөн киреше жыл сайын 7,9 % өскөн, ал эми турист катары келгендердин саны жылдык орточо 4,5% өскөн.

Ушундай дүйнөлүк деңгээлдеги алгылыктуу жагдайларды эске алганда туризм Кыргызстан, анын ичинде айрыкча Бишкек шаары үчүн бир катар геосаясий жана социалдык-экономикалык жагдайлардан улам олуттуу мааниге ээ болууда. Биринчиден, Бишкек Кыргыз Республикасынын борбору болуп саналат, ал өлкөнүн туризм тармагында өлкөнүн борбору катары өзгөчө ордун аныктайт жана шаарда туризмди өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Негизги транспорттук агым борбор калаа аркылуу өткөндүктөн, Кыргызстанга келген чет элдиктердин көбү үчүн Бишкек андан аркы каттамдын башталгыч чекити болуп калат, андыктан республика аймактары менен таанышуу ушул жерден башталат. Кыргызстандын бир дагы шаары дүйнөгө таанымалдуулугу жагынан Бишкек менен салыштырып болбойт. Ушундай факторлор Бишкекти туристтик борбор катары туруктуу имиджин калыптандыруу боюнча иштерди уюштурууда чечүүчү ролду ээлейт.

Андыктан, борбор калаанын туристтик потенциалын, анын туристтик индустриясынын жана инфраструктурасынын абалын объективдүү талдоонун негизинде Бишкек шаарында туризмди өнүктүрүүнү илимий жактан изилдөө өзгөчө актуалдуу экендигин баса белгилөөгө арзыйт.

Тандалып алынган темага ылайык диссертациялык иштин түзүлүшү туура аныкталган жана мазмуну ага толук жооп берет. Диссертациянын *биринчи бөлүмү “Мейманканаларды башкаруунун теориялык-методикалык негиздери”* үч бөлүмчөдөн куралган.

Бул бөлүмдө мейманкана комплексин башкаруунун теориялык негиздеринин уңгусу, учур талабына шайкеш келгидей башкаруу ыкмалары жана стилдери, ошондой эле менеждменттин калыптанган эл аралык бай тажрыйбасы ар тараптуу кылдат иликтөөгө алынган. Учурда мейманкана түзүмүнүн ырааттуу өнүгүшүнө карабастан, бул багыттагы изилдөөлөр али жетишсиз болуп жаткандыгын автор баса белгилеген. Иште ошондой эле ар бир турист өздүк акча каражаттарынын олуттуу бөлүгүн мейманканадагы тейлөөгө жумшаарын эске алынып, мейманкананы натыйжалуу, азыркы учурдун талабына карата башкаруу финансылык жактан натыйжа чыгарууга оң таасирин тийгизээри кенири талданган. Белгилүү болгондой мейманкана бизнесиндеги менеджменттин айырмалоочу өзгөчөлүгү анын үзгүлтүксүз иштеши болуп саналат, бул башка тармактарга салыштырмалуу башкаруу структурасында айырмачылыктарга алып келет. Эл аралык тажрыйбага таянуу өз кезегинде иштеги башкаруунун натыйжалуу ыкмаларын жана стилдерин иштеп чыгууга мүмкүндүк берген.

Иште учурдагы башкарууну инновациялык нуктан автоматташтыруунун келип чыккан көйгөйлөрү да каралган. Изилдөөнүн жүрүшүндө мейманкана комплексинин тейлөө сапаты анын классификациясына жана колдонулган стандарттарга түздөн-түз байланыштуу экендиги тастыкталып, эл аралык мейманкана индустриясында стандарттарды жана классификация системаларын изилдөөнүн маанилүүлүгү баса белгиленген. Мейманканалардагы коопсуздукка жана ишенимдүүлүктү калыптандырууга жетишүүгө байланыштуу келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү үчүн тиешелүү стандарттарды жана ыкмаларды киргизүүнүн артыкчылыктары дагы изилдөөгө алынган.

*Иштин экинчи бөлүгүндө - "Бишкек шаарынын мейманканаларын өнүктүрүүнүн абалы"*- Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери мейманкана комплексинде олуттуу өзгөрүүлөр болуп, өнүгүү тенденциясы турукташкандыгы сервисттик тейлөө жакшыргандыгы кеңири талданып чыккан. Алсак, республика боюнча жыл сайын ар бири орто эсеп менен 30 орундуу 44 жаңы, учур талабына шайкеш келгидей мейманкана курулуп, пайдаланууга берилген. Алардын басымдуусу жана көлөмү боюнча чоңдору Бишкекте жайгаштырылган.

Автор Кыргызстандагы учурда ыраатуу өнүгүп жаткан туризм бизинесинин алкагынан алган орду кыйла олуттуу экендигин кеңири маалыматтардын негизинде талдап, жыйынтык чыгарууга жетише алган. Алсак, 2022 – жылдын статикалык маалыматы боюнча республикага келип эс алган баардык туристтердин 15,8%, алыскы өлкөлөрдөн каттагандардын 69,5%, КМШ өлкөлөрүнүн 35,4%, жергиликтүү туристердин 7,4% Бишкек шаарынын үлүшүнө туура келген. Ал эми мейманканалар жана жайгаштыруунун ушул сыяктуу каражаттарынын түрлөрү боюнча Бишкектин ээлеген орду кыйла жогору экендигин байкоого болот. Мисалы, экономикасы дурус өнүккөн алыскы чет мамлкеттерден келгендердин 82,8%, КМШдан келген туристтердин 78,5% борбор шаарда жайгашкан.

Улам барган сайын атаандаштык күчөп жаткан чөйрөдө тейлөө көрсөтүүнүн сапатын стандартташтыруу, эл аралык талапка жооп бергидей мейманкана бизнесинин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу диссертациялык иштеги негизги багыты катары кеңири иликтенген. Бишкек шаарындагы мейманкана секторунун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрү тейлөөнү жакшыртуу боюнча бир катар сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мындан тышкары, Бишкек шаарынын шаар аймагын кеңейтүү маселелери жана ага чектеш тоо этектеринин туристтик-рекреациалык ресурсттук потенциалы ар тараптуу кылдат изилденип, туризмди өнүктүрүүнүн артыкчылыктары талдоого алынган.

*Диссертациялык иштин үчүнчү бөлүгүндө– "Бишкек шаарынын мейманканаларын өнүктүрүүнүн келечеги"*- диссертанттын талдоосу көрсөткөндөй, Кыргызстанда 2013-2023-жылдар аралыгында конок үйлөрүнүн саны 4% өссө, ошол эле мезгилдин ичинде Бишкекте өсүш орточо эсеп менен 10%, ал эми саясий жана табигый олку-солкусуз мезгилде 15%га чейин арбыган. Экономикалык-математикалык ыкманын көмөгү менен иштелип чыккан эсептөөлөрү көрсөткөндөй, Бишкектин мейманкана сектору 2028-жылга чейин өсүшү улантылат. Эсептөөгө ылайык жыл сайын 9 мейманкана пайдаланууга берилип, конок үйлөрүнүн саны 13-19 ишканага көбөйөрү такталган. Мындан тышкаары шаардын тоо этектерине барып эс алатурган туристтерди жана жарандарды тейлөөчү, заманбап талаптарына, атаандаштыка толук жооп бере турган чакан комплекстерди куруу дагы сунушталган.

Бишкектин мейманкана секторундагы айгышкан атаандаштыктын шартында жаңы кошумча тейлөө жумуш орундарынын түзүлүшү бул тармактын келечеги кеңири экендигинен, өнүгүүсүнөн кабар берет. Бирок, практика көрсөткөндөй, жаңы мейманканада тейлөө көрсөтүүлөрдү түзүү жана ишке ашыруу процесси көптөгөн факторлордун жыйындысын иликтөө талап кылынары, андыктан бул тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзүү керектигин баса көрсөткөн. Соңун бул жагдайды эске алуу менен мейманкананын ийгилигине таасир этүүчү негизги факторлор аныкталып, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн "Тең салмактуулук көпүрөсү" аттуу метод иштелип чыккан.

Ар тараптуу иликтөө көрсөткөндөй, учурда конок үйлөрүнүн сандык өсүүсү мейманканаларга салыштырмалуу кыйла арбындык кылат. Ушундай тенденцияны эске алуу менен автор ишинде Бишкектин четиндеги жайлуу конок үй комплексинин долбоору иштелип чыккан. Долбоор негизинен капсула жана микро-мейманканаларды, люкс батирлерди жана үй-бүлөгө ыңгайлуу тейлөөнү сунуш кылатурган бизнестин төрт түрү боюнча инвестициялык планды камтыйт. Ал эми сарпталуучу инвестициялык

каражаттардын акталуу мөөнөтүн баалоо жагы пессимисттик, реалдуу жана оптимисттик сценарийлерди эске алуу менен жүргүзүлгөндүгү менен айырмаланат. Бизнес-долбоордун алкагында “холократиянын” уюштуруу түзүмү сунушталып, ишкананын баасын жогорулатуу максатында “этно-анимациялык программанын” туристтик продуктунун негизи катары улуттук баалуулуктар толук эске алынган.

Диссертациялык иштин негизги уңгусу, бир топ жылдан берки талыкпаган эмгектин, илимий жактан чыгармачыл изденүүнүн, аракетинин жыйынтыгы болуп саналат. Андыктан бул иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет жана анын автору Асанова Кымбат Туратбековнага экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз илимий
изилдөө экономикалык университетинин
илимий иштер боюнча косультанты, экономика
илимдеринин доктору, профессор Атышов К.

«Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети» илимий изилдөө мекемеси
Кыргыз Республикасы Бишкек шаары
КАНЦЕЛЯРИЯ
ИНН 01405199810080